**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ЫСЫК-АТА РАЙОНУ**

**КОЧКОРБАЕВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН КОЧКОРБАЕВ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КОЧКОРБАЕВ АЙЫЛНОГО АЙМАКА КОЧКОРБАЕВ**

## Т О К Т О М №33/IX-29

09-июль 2025-жыл — Кенеш а.

**“Кочкорбаев айыл аймагынын Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруунун тартиби жөнүндө жобону бекитүү жөнүндө**

Кочкорбаев айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруунун тартиби жөнүндө жобону карап чыгып, таанышып жана талкуулап Кочкорбаев айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. “Кочкорбаев айыл аймагынын Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруунун тартиби жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Ушул токтомду мыйзамда белгиленген тартипте жарыялап жана Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинде мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө социалдык маселелер, этика жана регламент боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Э.И.Токбергенов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ЫСЫК-АТА РАЙОНУ**

**КОЧКОРБАЕВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН КОЧКОРБАЕВ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КОЧКОРБАЕВ АЙЫЛНОГО АЙМАКА КОЧКОРБАЕВ**

## П О С Т А Н О В Л Е Н И Е №33/IX-29

09 июль 2025 год — с.Кенеш

**Об утверждении Положения о порядке присвоения звания “Почетный гражданин айылного аймака Кочкорбаев”**

Рассмотрев и обсудив Положение о порядке присвоения звания “Почетный гражданин айылного аймака Кочкорбаев” айылный кенеш Кочкорбаев **постановляет:**

1. Утвердить Положения о порядке присвоения звания “Почетный гражданин айылного аймака Кочкорбаев” согласно приложению.
2. Настоящее постановление опубликовать в установленном Законом порядке и провести государственную регистрацию в Министерстве Юстиции Кыргызской Республики.
3. Контроль за выполнением настоящего постановления возложить на постоянную комиссию по социальным вопросам, этике и регламенту.

**Председатель** **Э.И.Токбергенов**

Кочкорбаев айылдык кеңешинин
2025-жылдын 9-июлундагы
№ 33/IX-29 токтомуна тиркеме

**“Кочкорбаев айыл аймагынын Ардактуу атуулу” наамын ыйгаруунун тартиби жөнүндө ЖОБО**

## I. НЕГИЗГИ ЖОБОЛОР

1.1. Ушул Жобо “Кочкорбаев айыл аймагынын Ардактуу атуулу” (мындан ары – Ардактуу атуул) наамына көрсөтүү жана ыйгаруу тартибин аныктайт.

1.2. “Ардактуу атуул” наамы мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматчыларын, менчигинин түрүнө карабастан ар кандай мекеме, уюм жана ишканалардын кызматкерлерин, Кочкорбаев айыл аймагынын жарандарын жана чет элдик жарандарды сыйлоонун жана Кочкорбаев айыл аймагынын социалдык жана экономикалык өнүгүүсүнө, турмуш тиричилигин жакшыртууга, коомдук иштерине жигердүү катышууга кошкон өзгөчө салымын таануунун белгиси болуп эсептелинет.

1.3. “Ардактуу атуул” наамы чоң майрамдык иш чараларга карата салтанаттуу түрдө ыйгарылат.

1.4. “Ардактуу атуул” наамы бир жылда үчтөн ашык эмес адамга ыйгарылат.

1.5. “Ардактуу атуул” наамы ыйгарыла турган биринчи жылы 4 адамга чейин ыйгарууга уруксат берилет.

1.6. “Ардактуу атуул” наамы ыйгарыла турган биринчи жылы айылдык кеңештин жана айыл өкмөттүн Ардак грамоталары жок болгон учурда дагы ыйгарууга уруксат берилет.

1.7. Азыркы мезгилде ыйгарым укуктары токтотула элек айылдык кеңешинин депутаттарына жана айыл өкмөтүнүн кызматкерлерине “Ардактуу атуул” наамын ыйгарууга тыюу салынат.

## II. “АРДАКТУУ АТУУЛ” НААМЫНА КӨРСӨТҮҮНҮН ШАРТТАРЫ

2.1. “Ардактуу атуул” наамын ыйгаруу үчүн негизги талаптар:

- Кочкорбаев айыл аймагынын социалдык жана экономикалык өнүгүүсүнө кошкон чоң салымы бар жарандарга;
- Кочкорбаев айыл аймагынын чегинде жайгашкан менчик түрүнө карабастан ишканаларда жана мекемелерде 20 жылдан кем эмес эмгектенген кызматкерлерге;
- Кочкорбаев айыл аймагында билим берүү жана саламаттыкты сактоо чөйрөсүндө 15 жылдан кем эмес эмгектенген кызматкерлерге;
- Натыйжалуу иш көрсөткөн Кочкорбаев айылдык кеңешинин экиден кем эмес чакырылышынын депутаттарына;
- Кочкорбаев айыл өкмөтүндө 15 жылдан кем эмес эмгектенген кызматкерлерге;
- Башка бир учурларда айылдык кеңештин төрагасынын сунушу менен.

2.2. "Ардактуу атуул" наамын ыйгаруу сунушуна айылдык кеңештин төрагасы жана туруктуу комиссиялары, айыл өкмөттүн башчысы, менчик түрүнө карабастан мекеме жана ишканалардын эмгек жамааты (жетекчилери), райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким, жергиликтүү тургундар (10дон кем эмес адам) ээ болушат.

2.3. "Кочкорбаев айыл аймагынын ардактуу атуулу" наамына сунуш берүү үчүн сунушталган талапкер Кочкорбаев айылдык кеңешинин жана Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн Ардак грамоталары менен сыйлануусу зарыл.

2.4. Сыйлыкка көрсөтүү үчүн керектелүүчү документтер:

**Жеке жактар тарабынан сунушталган болсо:**

- Кочкорбаев айыл аймагынын өнүгүүсүнө кошкон салымдары, иштери тууралуу кеңири маалымат (төмөн жагында 10дон кем эмес жергиликтүү тургундардын колу менен);
- Паспортунун көчүрмөсү;
- Өздүк баракчасы сүрөтү менен;
- Өмүр баяны;
- Эмгек китепчесинин көчүрмөсү;
- Сыйлыктарынын көчүрмөсү.

**Мекеме жана ишканалар тарабынан сунушталган болсо:**

- Сунуштама;
- Сыйлоо барагы;
- Паспортунун көчүрмөсү;
- Өздүк баракчасы сүрөтү менен;
- Өмүр баяны;

- Эмгек китепчесинин көчүрмөсү;
- Сыйлыктардын көчүрмөсү.

## III. “АРДАКТУУ АТУУЛ” НААМЫН ЫЙГАРУУНУН ТАРТИБИ

3.1. “Ардактуу атуул” наамын ыйгарууга сунуштар айылдык кеңештин төрагасына түшүп, төрага сыйлык боюнча комиссиянын кароосуна жиберет, комиссия Жобонун талаптарына ылайык карап чыгат.

3.2. Комиссия карап чыккандан кийин тиешелүү документтер менен комиссиянын чечими Кочкорбаев айылдык кеңешинин (мындан ары – айылдык кеңеш) социалдык маселелер, этика жана мандат боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунда каралып, корутунду чыгарылат.

3.3. Айылдык кеңештин сессиясында талкууланып, депутаттардын сунуштары эске алынып, депутаттардын көпчүлүгүнүн добушуна ээ болгон талапкердин талапкерчилиги колдоого алынды деп эсептелинет жана “Ардактуу атуул” наамын ыйгарууга чечим айылдык кеңештин тескемеси түрүндө кабыл алынат.

3.4. “Ардактуу атуул” наамы чоң майрамдык иш чараларда айылдык кеңештин төрагасы (орун басары) же айыл өкмөттүн башчысы (орун басары) тарабынан тасма, төш белги жана күбөлүк менен ыйгарылат.

3.5. “Кочкорбаев айыл аймагынын Ардактуу атуулу” белгилери болуп тасма, төш белги жана күбөлүк эсептелинет.

Тасмасы – кызыл баркыттан жасалган, жазуусу алтын түсүнөн. Узундугу – 210 см, туурасы – 16 см, жазуу тамгаларынын бийиктиги – 7,5 см, жазуу тамгаларынын туурасы 3 см.

3.6. Сыйлык боюнча комиссиянын курамы айылдык кеңештин төрагасынын тескемеси менен бекитилет

## IV. “КОЧКОРБАЕВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АРДАКТУУ АТУУЛУ” НААМЫН ЫЙГАРУУНУН ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОГО” ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ

4.1. Ушул ЖОБОго өзгөртүү киргизүү демилгеси айылдык кеңештин төрагасы же депутаттары жана айыл өкмөт башчысы тарабынан жүргүзүлөт.

4.2. ЖОБОго өзгөртүү киргизүү үчүн айылдык кеңештин социалдык суроолор, этика жана мандат туруктуу комиссиясына демилгелеп, ал комиссиянын отурумунда ЖОБОго өзгөртүү киргизүү маселе каралып, корутунду чыгарылат жана айылдык кеңештин сессиясында каралып бекитилет.